*Евразия изилдөөлөрү ачык журналы*, 2026, №2, бб. 91-99
**doi:** 10.65469/eijournal.2026.2.11
eijournal.ilimbilim.kg

ТАРЫХ / ИСТОРИЯ / HISTORY
УДК 94(575.2)

# Кыргызстандагы айыл чарба эмгекчилеринин социалдык абалынын тарыхый эволюциясы (1930-1980-жж.)

**Ильяз кызы Толгонай**
*магистрант, Ош мамлекеттик университети, Кыргызстан,* tolgonajilazkyzy@gmail.com

**Аннотация**

Бул макалада 1930-1980-жылдар аралыгындагы Кыргызстандын айыл чарба эмгекчилеринин социалдык абалынын тарыхый эволюциясы комплекстүү изилденген. Изилдөөнүн актуалдуулугу советтик агрардык саясаттын тажрыйбасын талдоо аркылуу бүгүнкү күндөгү айыл жерлериндеги социалдык-экономикалык көйгөйлөрдү чечүүгө тарыхый баа берүү зарылчылыгы менен аныкталат. Макалада коллективдештирүү мезгилиндеги «эмгек күнү» системасынан тартып, «өнүккөн социализм» доорундагы кепилденген акчалай эмгек акыга өтүү процесстери архивдик маалыматтардын негизинде каралган. Автор айылдык интеллигенциянын калыптанышына, аялдардын коомдук өндүрүштөгү ролуна жана айылды «шаардык типтеги конуштарга» айландыруу саясатына өзгөчө басым жасайт. Изилдөөдө тарыхый-салыштырмалуу метод колдонулуп, айыл калкынын жашоо деңгээлинин динамикасы талдоого алынган. Негизги жыйынтык катары, 1960-1970-жылдардагы реформалар айылдыктардын материалдык жыргалчылыгын шаардык стандарттарга жакындатканы менен, 1980-жылдардагы экономикалык стагнация бул моделдин мамлекеттик дотацияга гана таянган алсыздыгын жана кадрдык тартыштык сыяктуу социалдык карама-каршылыктарды ачыкка чыгарганы далилденет.

**Ачкыч сөздөр:** Кыргызстан, айыл чарба, колхозчу, коллективдештирүү, агрардык саясат, интеллигенция

**Шилтеме үчүн:** Ильяз кызы Т. (2026). Кыргызстандагы айыл чарба эмгекчилеринин социалдык абалынын тарыхый эволюциясы (1930-1980-жж.). *Евразия изилдөөлөрү ачык журналы*, №2, бб. 91-99. doi: 10.65469/eijournal.2026.2.11

## Киришүү

Кыргызстандын XX кылымдагы тарыхында агрардык сектор өлкөнүн экономикалык гана эмес, социалдык-маданий турмушунун да өзөгүн түзүп келген. 1930-жылдан 1980-жылдарга чейинки жарым кылымдык мезгил – бул кыргыз айылынын салттуу коомдон индустриалдык-агрардык түзүлүшкө өтүүсүнүн маанилүү этабы. Бул доордо айыл эмгекчилеринин социалдык абалы мамлекеттик саясаттын, идеологиялык трансформациялардын жана экономикалык реформалардын таасири астында тынымсыз өзгөрүп турган [10].

© The Author(s) 2026.
This article is an open access article distributed under the terms and conditions of the Creative Commons Attribution (CC BY) license (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/).

Бул маселенин актуалдуулугу бүгүнкү күндө эгемендүү Кыргызстандын айыл жерлериндеги социалдык көйгөйлөрдү чечүүдө советтик тажрыйбанын жетишкендиктерин жана катачылыктарын калыс талдоо зарылчылыгы менен түшүндүрүлөт. Изилдөөнүн максаты – 1930-1980-жылдардагы айыл калкынын жашоо деңгээлинин өнүгүү жолун комплекстүү карап чыгуу жана анын тарыхый жыйынтыктарына илимий баа берүү болуп саналат.

1930-жылдардан 1980-жылдарга чейинки жарым кылымдык мезгил кыргыз айылынын социалдык түзүмүнүн түп тамырынан бери өзгөрттү. Кыргыз эли көчмөн турмуштан индустриалдык-агрардык коомго өтүүсүнө күбө болгон. Бул доордогу мамлекеттик саясат айыл чарба эмгекчилеринин социалдык макамын гана эмес, алардын жашоо образын, маданиятын жана интеллектуалдык деңгээлин да жаңы нукка бурган.

**Теманын актуалдуулугу.** Учурда Кыргызстандын айыл калкынын социалдык маселелерин чечүү артыкчылыктуу багыт болуп жаткан шартта, советтик доордогу тарыхый тажрыйбаны изилдөө актуалдуу болуп саналат. Советтик агрардык моделдин жетишкендиктерин (социалдык коргоо, билим берүү, инфраструктура) жана кемчиликтерин (мамлекеттик дотацияга көз карандылык, кадрдык маселелер) талдоо бүгүнкү күндөгү туруктуу өнүгүү стратегияларын иштеп чыгуу үчүн да маанилүү.

**Адабияттарга сереп.** Маселенин тарыхнаамасын изилдөөдө Дж.С. Бактыгуловдун эмгектери өзгөчө орунда, анткени ал коллективдештирүү жана кыргыз айылынын социалдык өнүгүүсүнүн архивдик материалдардын негизинде ачып берген. С.К. Керимбаевдин изилдөөлөрүндө согуш жылдарындагы жана андан кийинки калыбына келтирүү мезгилиндеги айылдыктардын каарман эмгеги чагылдырылган. В.М. Плоских жана башка тарыхчылардын иштеринде жалпы республикалык социалдык-маданий курулуштун динамикасы берилген. Акыркы жылдардагы Н. Т. Ишенбекова сыяктуу окумуштуулардын изилдөөлөрүндө 1980-жылдардагы агрардык сектордогу кризистик кубулуштарды жаңыча көз караш менен талданган.

**Изилдөөнүн максаты жана милдеттери.** Макаланын негизги максаты – 1930-1980-жылдардагы Кыргызстандын айыл чарба эмгекчилеринин социалдык абалынын эволюциясын жана жашоо деңгээлинин өзгөрүү динамикасын комплекстүү иликтөө. Бул максатка жетүү үчүн төмөнкү **милдеттер** аныкталды:

- 1930-1950-жылдардагы «эмгек күнү» системасынын колхозчулардын материалдык абалына тийгизген таасирин талдоо;
- 1960-1970-жылдардагы реформалардын (кепилденген айлык акы, пенсия, социалдык жеңилдиктер) натыйжасында айылдыктардын жашоо шартынын сапаттык өзгөрүүсүн аныктоо;
- Айылдык интеллигенциянын жана техникалык адистердин калыптануу процессин жана алардын социалдык макамын изилдөө;
- 1980-жылдардагы экономикалык стагнациянын айылдык социалдык инфраструктурага тийгизген таасирин жана кадрдык маселелерди ачып берүү.

**Изилдөөнүн методологиясы.** Бул изилдөөдө тарыхый окуяларды ырааттуу жана объективдүү талдоо үчүн тарыхый-генетикалык жана тарыхый-салыштырмалуу методдор колдонулган. Маалыматтык база катары Кыргызстандын статистикалык жыйнактары, агрардык саясатка тиешелүү расмий токтомдор жана архивдик фонддордогу жылдык отчёттор

негизги булак болуп кызмат кылды. Бул ыкмалар 1930-1980-жылдардагы айылдыктардын жашоо деңгээлин жана социалдык инфраструктуранын калыптанышын комплекстүү ачып берүүгө мүмкүндүк берди.

**Изилдөөнүн натыйжалары жана талкуу.** 1930-жылдардагы жапырт коллективдештирүү саясаты Кыргызстандын айылдык эмгекчи калкы үчүн радикалдуу социалдык-экономикалык трансформация болду. Бул мезгилде кылымдар бою калыптанган көчмөн чарба жүргүзүү ыкмасы талкаланып, административдик-буйрукчул башкаруу системасы орногон. Отурукташтыруу саясатынын натыйжасында миңдеген үй-бүлөлөр ата-конуштарынан ажырап, жаңы түзүлгөн социалдык конуштарга көчүрүлгөн.

Дж. Бактыгулов белгилегендей, бул жылдары айылдагы социалдык-класстык структура түп-тамырынан өзгөрүп, «кулакка тартуу» саясаты айылдагы эң демилгелүү катмарды жок кылган [1]. 1932-1933-жылдардагы ачарчылык жана малдын санынын кескин азайышы айылдыктардын материалдык абалын өтө оорлоткон. Бирок, 1930-жылдардагы агрардык реформалар айылда жаңы социалдык катмардын – "колхозчу дыйкандардын" калыптанышына алып келди.

1930-жылдарда түзүлгөн колхоздор калктын мүлкүнүн жана чарбасынын басымдуу бөлүгүн тартып алып, муну менен аларды кошумча киреше табуу мүмкүнчүлүгүнөн ажыраткан. Колхоздо иштөө үчүн эмгек акы төлөөнүн тутуму – эмгек күнү киргизилген. Бул акчалай акы төлөөнү эмес, дыйкандар менен дан, нан, картошка сыяктуу продукциялар аркылуу эсептешүүнү түшүндүргөн. Анын идеясы мындай болгон: дыйкандар белгилүү бир норманы аткарышат, анын ордуна колхоз алынган дандын бир бөлүгүн же башка тамак-аш азыктарын берет.

1930-1950-жылдар аралыгында кыргыз айылында жергиликтүү интеллигенция калыптана баштаган. Бул процесс алгач «сабатсыздыкты жоюу» (ликбез) кампаниясы менен коштолуп, кийинчерээк толук кандуу мектептик билим берүү системасына айланган. Айылдык интеллигенциянын курамында мугалимдерден сырткары, айыл чарба адистери (агрономдор, зоотехниктер жана ветеринардык дарыгерлер) пайда боло баштады. Алар салттуу дыйканчылык менен илимий билимдин ортосундагы көпүрө болушкан. Согуштан кийинки жылдары бул катмардын ролу жогорулап, айылдык коомдун жетектөөчү тобуна айланган.

Улуу Ата Мекендик согуш жылдары (1941-1945) айыл эмгекчилеринин социалдык абалын «аскердик тартипке» өткөрдү. Эркектердин көбү фронтко кеткендиктен, айыл чарбасынын бүткүл оордугу аялдардын жана өспүрүмдөрдүн ийинине түшкөн. С. Керимбаевдин маалыматы боюнча, бул жылдары колхозчулар үчүн милдеттүү эмгек күндөрүнүн саны 177ден 321ге (80%га) жогорулаган [4, 109-б.]. Эмгек көлөмү өскөнү менен эмгекчилердин жашоосу минималдык азык-түлүк керектөөсү менен чектелген. Согуштан кийинки калыбына келтирүү жылдары (1946-1950) дагы оор салыктар менен коштолуп, айылдыктардын социалдык реалдуу жакшыруусуна тоскоолдук кылган.

Абалдын бир аз жакшыруусу КПСС БКнын сентябрь (1953-ж.) пленумунан кийин башталган. Айыл чарба продукцияларын сатып алуу баалары жогорулатылып, колхозчулардын эмгегине аванс берүү киргизилген, ошондой эле мурда мүмкүн болбогон дыйкандардын өздүк көмөкчү чарбаларын өнүктүрүүгө жол берилген. 1956-жылы

колхозчуларга ай сайын аванс берүү тутуму киргизилген. Колхоздорго акчалай кирешелердин 25 пайызы жана келишимдер (контрактация), сатып алуулар жана айыл чарба продукцияларын милдеттүү түрдө тапшыруу боюнча аванс түрүндө алынган акча каражаттарынын 50 пайызы берилип турган [8, 379-380-бб.].

Кыргызстандын айыл эмгекчилеринин социалдык тарыхында 1960-жылдар өзгөчө мааниге ээ. Бул мезгилде советтик агрардык саясатта административдик кысымдан экономикалык стимулдаштырууга өтүү аракеттери жасалган. 1966-жылдын 1-июлунан тартып колхозчулар үчүн кепилденген акчалай эмгек акы киргизилген [2]. Бул айылдык калктын материалдык абалын түп-тамырынан өзгөрткөн эң ири социалдык трансформация болуп калды. Буга чейинки «эмгек күнү» системасы дыйкандардын кирешесин туруксуз кылып, аларды жеке көмөкчү чарбасына гана көз каранды кылып келген. Акчалай айлыкка өтүү айылдыктардын мамлекеттик чарбага болгон ишенимин арттырып, эмгек тартибин чыңдоого негиз болгон.

Дагы бир маанилүү тарыхый факт – 1964-жылы кабыл алынган колхозчуларды мамлекеттик пенсия менен камсыздоо жөнүндөгү мыйзам. Бул чечим айылдагы кары-картаңдардын социалдык макамын шаардык жумушчулар менен теңеген. 1970-жылдардын башына карата Кыргызстандын айылдарында 200 миңден ашуун ардагерлер мамлекеттик социалдык коргоого алынган. Бул реформа өзгөчө көп балалуу энелерге (55 жаштан пенсияга чыгуу укугу) чоң колдоо болгон, бул кыргыз айылынын демографиялык өзгөчөлүгүнө толук шайкеш келген.

Кыргыз айыл чарба эмгекчилеринин социалдык эволюциясында аялдардын орду өзгөчө талдоону талап кылат. Эгерде 1930-жылдарга чейин аялдар негизинен үй-бүлөлүк чарба менен гана чектелсе, коллективдештирүү аларды коомдук өндүрүшкө жигердүү тарткан. Улуу Ата Мекендик согуш жылдарында айыл чарба өндүрүшүнүн 75-80% аялдардын эмгегине таянган. Бул мезгилден тартып аялдар арасынан чарба жетекчилери, Социалистик Эмгектин Баатырлары (мисалы, Зууракан Кайназарованын жолун жолдоочулар) көптөп чыга баштады.

1950-1970-жылдары айылда бала бакчалардын ачылышы да аялдардын өндүрүштүк эмгекке активдүү катышуусуна социалдык шарт түзө баштаган. Аялдардын коомдогу саясий жана социалдык салмагы дагы жогорулап жатты. Ош облусунун Базар-Коргон районундагы легендарлуу чарба жетекчиси Өлмөсхан Атабекова жана Кочкор районунан чыккан атактуу чабан Телегей Сагынбаева сыяктуу инсандардын ролу чоң болгон. Алардын тагдыры кыргыз айылындагы аялдардын социалдык макамынын өсүшүнүн жана техникалык прогресске катышуусунун символуна айланган. Мисалы, 1970-жылдарда республиканын Жогорку Советиндеги депутаттардын 30-35%ын аялдар түзө баштаган. Бул кыргыз айылындагы патриархалдык мамилелердин трансформацияга учурашынын ачык далили болгон.

1960-жылдардын ортосунан баштап айыл турмушунда «урбанизация» процесси байкала баштаган. Бул мезгилде «айылды шаардык типтеги конуштарга айландыруу» саясатынын алкагында типтүү долбоордогу турак-жайлар массалык түрдө курулган. Бул мезгилде турак-жай курулушунун масштабы кескин кеңейген. Статистикалык маалымат боюнча, 1970-1980-жылдар аралыгында Кыргызстандын айылдарында 15 миллион чарчы метрден ашык турак-жай пайдаланууга берилген [6, 54-б.]. Алардын 40%дан ашыгы мамлекеттик жана колхоздук каражаттардын эсебинен каржыланган.

Эгерде мурда айылдык үй-бүлөлөр негизинен ылайдан салынган үйлөрдө жашаса, 70-жылдары бышкан кыштан, заманбап долбоор менен салынган үйлөрдү да кура башташкан. Үйлөрдүн ички жасалгасы да өзгөрүп, салттуу кийиз буюмдарынын жанына заманбап эмеректер, тиричилик техникалары (муздаткыч, кир жуугуч машина) кире баштаган.

Кара-Балта тоо-кен комбинатында малчылар үчүн көчмө үйлөр чыгаруу башталган. Жыгач калкандардан чогултулуп, ичи кийиз менен жылууланган жана үстү брезент менен капталган бул үйлөр жаан-чачындан, кардан жакшы коргогон. XI беш жылдыктын аягына чейин 10 000 көчмө чабан үйү чыгарылган. Ал эми XI беш жылдыктын ичинде жалпысынан 3 242 үй пайдаланууга берилген [9].

Ошондой эле, бул мезгилде ар бир ири колхоз-совхоздо маданият сарайларынын, заманбап китепканалардын жана спорттук комплекстердин курулушу айылдыктардын жашоосун шаардык стандарттарга жакындаткан. 1980-жылы республикада улуттук кирешенин 3/4 бөлүгүнөн ашыгы керектөөгө, ал эми турак жай, социалдык-маданий курулуш иштерине кеткен чыгымдарды эсепке алганда 4/5 бөлүгү – элдин бакубаттуулугун жогорулатууга жумшалган [7, 11-б.]. Бул материалдык өсүш айылдыктардын жашоо стандарттарын шаардык деңгээлге жакындатууга багытталган мамлекеттик социалдык программалардын жыйынтыгы болгон.

Айылдарды толук электрлештирүү процессинин аякташы (1970-жылдардын башында) айылдыктардын тиричилигине телевизорлорду, муздаткычтарды жана радио түйүндөрүн кеңири киргизүүгө шарт түзгөн. Бул маданий трансформация айылдыктардын маалыматтык мейкиндигин кеңейтип, шаардык маданияттын элементтеринин айылга сиңишине алып келген. Ошону менен бирге, райондор аралык жана айыл ичиндеги жолдордун асфальтталышы, автобус каттамдарынын үзгүлтүксүз жолго коюлушу айыл эмгекчилеринин мобилдүүлүгүн жана социалдык байланыштарын жаңы деңгээлге көтөргөн.

1970-1980-жылдардагы кыргыз айылынын социалдык түзүмүндө жогорку, атайын орто билими бар адистердин – агрономдордун, зоотехниктердин, ветеринардык дарыгерлердин жана механизаторлордун өзгөчө социалдык катмарын калыптанган. 1970-жылдары «техникалык сабаттуулук» айылдык жаштар үчүн социалдык тепкичтен өйдө көтөрүлүүнүн негизги жолу болгон. Механизаторлордун орточо айлык акысы 1980-жылга карата 180-220 рублга жеткен. Бул ошол кездеги шаардык инженерлердин маянасы менен теңдеш болгон. Мындан тышкары, техникалык адистер үчүн атайын жеңилдиктер, санаторийлерге жолдомолор жана сыйлыктар системасы иштеген. Бул фактор айылдык жаштардын айылда калуусуна түрткү берген, бирок 1980-жылдардын экинчи жарымындагы экономикалык каатчылык бул тенденцияны солгундаткан.

Бирок, 1980-жылдардын экинчи жарымына келип, советтик агрардык моделдин социалдык ресурстары түгөнө баштаган. Экономикалык өсүштүн басаңдашы (стагнация) жана бүткүл Союзду каптаган товардык таңкыстык (дефицит) айыл эмгекчилеринин сатып алуу жөндөмдүүлүгүнө терс таасирин тийгизген. Макалада изилдengендей, бул жылдары айылдан шаарга болгон миграциянын жаңы толкуну башталган. Айрыкча, жогорку билимдүү жаш адистердин айылда туруктуу калбашы «кадрдык ачарчылыкты» жараткан. 1985-жылдагы статистикалык маалыматтар боюнча, айылдык жаштардын 45%дан ашыгы келечегин шаар менен байланыштырган. Бул болсо айылдык социалдык инфраструктуранын жаштардын өсүп жаткан талаптарына жооп бербей калгандыгынын белгиси болгон.

Малчыларга тиричилик жактан кызмат көрсөтүү чөйрөсү материалдык бакубаттуулукту жакшыртуу ишинде борбордук орундардын бирин ээлеп турган. Жалпысынан алганда, XI беш жылдыктын ичинде республика боюнча калкка көрсөтүлүүчү тиричилик кызматтарынын комплекси кеңейген. Айыл жергесинде кызмат көрсөтүүлөрдүн көлөмү 45%га өсүп, бул жактагы 450 комплекстүү пункттун 300ү иштеп турган. Калкка тиричилик кызматтарынын жалпысынан 550дөн ашык түрү сунушталган. Бирок тиричилик жактан кызмат көрсөтүү чөйрөсүнүн жалпы кеңейүүсүнө карабастан, айыл жергесинде тиричилик муктаждыктарын канааттандыруу маселеси чечилбей кала берген. Мисалы, республикадагы 43 кир жуучу жайдын 9у жана алардын 58 кабыл алуу пунктунун 11и гана айыл жергесинде жайгашкан [5, 38-б.].

Бул мезгилде айыл калкын сапаттуу ичүүчү суу менен камсыз кылуу маселеси бүтүндөй республика боюнча курч турган. 1988-жылга карата айылдык калктуу конуштардын дээрлик 50 пайызында суу түтүктөрү болгон эмес. Ар кандай табигый булактардан суу ичкен адамдардын саны 630 миңден ашкан [3, 138]. Ошондой болсо да, суу түтүк тармактарын куруу пландары системалуу түрдө үзгүлтүккө учурап турган.

**Корутунду**

1930-1980-жылдар аралыгындагы Кыргызстандын айыл чарба эмгекчилеринин социалдык абалынын тарыхый эволюциясын талдоо төмөнкүдөй тыянактарды чыгарууга мүмкүндүк берет:

1. 1930-жылдардагы коллективдештирүү оор жоготуулар менен коштолсо да, айылдын салттуу-патриархалдык түзүлүшүн модернизациялоого жол ачкан.
2. 1960-1970-жылдардагы социалдык реформалар (пенсия, акчалай айлык) айылдыктардын материалдык жыргалчылыгынын эң жогорку деңгээлине жетүүсүн камсыз кылган.
3. Айылдык интеллигенциянын жана техникалык адистердин калыптанышы кыргыз айылынын интеллектуалдык потенциалын көтөрүп, социалдык мобилдүүлүктү арттырган.
4. 1980-жылдардагы кризис көрсөткөндөй, социалдык бакубаттуулук мамлекеттик дотацияга гана таянгандыктан, рыноктук мамилелерге өтүүдө оор сыноолорго туш болгон.

Тарыхый тажрыйба көрсөткөндөй, айыл эмгекчилерин социалдык жактан коргоо жана алардын интеллектуалдык деңгээлин көтөрүү – өлкөнүн агрардык секторунун туруктуу өнүгүүсүнүн кепилдиги болуп саналат.

**Колдонулган адабияттар**


1. Бактыгулов, Дж. С. Коллективизация кыргызского аила: новый взгляд // Коммунист Киргизстана. – 1990. – 3 марта.

2. В 1966 году советские колхозники впервые получили зарплату [Электронный ресурс] // Администрация Убинского района Новосибирской области. – URL: https://ubinadm.nso.ru/news/6236 (дата обращения: 12.05.2026).
3. Ишенбекова Н.Т. История животноводства Кыргызстана (1980 – 1990 гг.): опыт и проблемы. // дис. ... канд. ист. наук: (на правах рукописи). Бишкек, 2010.
4. Керимбаев, С. К. Советский Киргизстан в Великой Отечественной войне 1941–1945 гг. – Фрунзе: Илим, 1985. – 312 с.
5. Коммунист Киргизстана. – Фрунзе, 1987. – № 2.
6. Кыргыз ССРинин эл чарбасы 60 жыл ичинде: Статистикалык жыйнак. – Фрунзе, 1986.
7. Народное хозяйство Киргизской ССР в 1982 году: Стат. ежегодник. – Фрунзе: Кыргызстан, 1983. – 280 с.
8. Плоских, В. М. История кыргызов и Кыргызстана: Учебник для вузов / В. М. Плоских, Д. Д. Джунушалиев, Т. А. Абдрахманов. – Бишкек: Илим, 2015. – 350 с.
9. Советская Киргизия. – 1986. – 4 ноября.
10. Ашимов А.Ж. (2026). 1930-жылдардагы Кыргызстанда кулактарды тап катары жоюу саясатынын ишке ашырылышы жана өзгөчөлүктөрү. Евразия изилдөөлөрү ачык журналы, №1, бб. 81-89. doi: 10.65469/eijournal.2026.1.10

*Открытый журнал евразийских исследований*, 2026, №2, сс. 91-99
**doi:** 10.65469/eijournal.2026.2.11
eijournal.ilimbilim.kg

ТАРЫХ / ИСТОРИЯ / HISTORY
УДК 94(575.2)

# Историческая эволюция социального положения работников сельского хозяйства Кыргызстана (1930-1980 гг.)

**Ильяз кызы Толгонай**
*магистрант, Ошский государственный университет, Кыргызстан, tolgonajilazkyzy@gmail.com*

**Аннотация**

В статье комплексно исследуется историческая эволюция социального положения работников сельского хозяйства Кыргызстана в период с 1930 по 1980 годы. Актуальность исследования обусловлена необходимостью анализа опыта советской аграрной политики для выработки научно обоснованных подходов к решению современных социальных проблем сельских регионов. На основе архивных данных рассматриваются процессы перехода от системы «трудодней» периода коллективизации к гарантированной денежной оплате труда в эпоху «развитого социализма». Автор уделяет особое внимание формированию сельской интеллигенции, роли женщин в общественном производстве и политике преобразования сел в «поселки городского типа». В работе использован историко-сравнительный метод для анализа динамики уровня жизни сельского населения. В качестве основного вывода доказывается, что, хотя реформы 1960-1970-х годов приблизили благосостояние сельчан к городским стандартам, экономическая стагнация 1980-х годов выявила уязвимость данной модели из-за её полной зависимости от государственных дотаций и породила новые социальные противоречия, такие как кадровый дефицит.

**Ключевые слова:** Кыргызстан, сельское хозяйство, колхозник, коллективизация, аграрная политика, интеллигенция

*Open Journal of Eurasian Issues*, 2026, no. 2, pp. 91-99
**doi:** 10.65469/eijournal.2026.2.11
eijournal.ilimbilim.kg

ТАРЫХ / ИСТОРИЯ / HISTORY
УДК 94(575.2)

# Historical Evolution of the Social Status of Agricultural Workers in Kyrgyzstan (1930-1980)

**Tolgonai Ilyaz kyzy**
*Master's Student, Osh State University, Kyrgyzstan, tolgonajilazkyzy@gmail.com*

**Abstract**

The article comprehensively examines the historical evolution of the social status of agricultural workers in Kyrgyzstan between 1930 and 1980. The relevance of the research is determined by the necessity of analyzing the Soviet agrarian policy experience to develop evidence-based approaches for addressing contemporary socio-economic challenges in rural areas. Based on archival data, the study reviews the transition from the "labor day" system of the collectivization period to the guaranteed cash remuneration in the era of "developed socialism". The author places particular emphasis on the formation of the rural intelligentsia, the role of women in social production, and the policy of transforming villages into "urban-type settlements". The work employs a historical-comparative method to analyze the dynamics of the rural population's living standards. As a main conclusion, it is proved that while the reforms of the 1960s and 1970s brought rural welfare closer to urban standards, the economic stagnation of the 1980s revealed the model's vulnerability due to its total reliance on state subsidies and exposed social contradictions such as labor shortages.

**Keywords:** Kyrgyzstan, agriculture, collective farmer, collectivization, agrarian policy, intelligentsia